PAGE PARTNERSHIP FOR ACTION ON GREEN ECONOMY

## Жашыл экономиканын кызыкчылыгындагы иш-аракеттер үчүн өнөктөштүк (PAGE)

экологиялык жана инклюзивдик өсүүгө киришүүнү каалаган өлкөлөрдү колдоого багытталган. **Бул БУУнун беш агенттигинин – БУУӨП (ПРООН), ЮНЕП, ЭЭУ, ЮНИДО жана ЮНИТАР биргелешкен өнөктөштүгү**

UN environment programme · ILO · UNDP · UNIDO · unitar United Nations Institute for Training and Research

## PAGE саясый циклде

PAGE өлкөлөрдүн саясаттарын иштеп чыгуунун ар кандай этаптарында аларды шыктандырат, маалымдайт жана жардам берет. Өнөктөштүк өкмөттөрдү жана кызыкдар тараптарды экономикалык саясатты кайра кароого катышууга шыктандырат. PAGE макроэкономикалык дагы, тармактык дагы деңгээлде техникалык колдоо жана талдоо аркылуу саясый процесс жөнүндө маалымдайт. Негизги жактардын жана мекемелердин дараметин жогорулатуу менен, PAGE өлкөлөргө кыйла экологиялык жана инклюзивдик экономикага өтүү мүмкүнчүлүгүн берет.

**АСТ**

өкмөттөрдү жана казыкдар тараптарды экономикалык саясатты кайра кароого катышууга
**ШЫКТАНДЫРУУ**

техникалык колдоо жана талдоо аркылуу саясый реформалар жөнүндө
**МААЛЫМДОО**

негизги жактардын дараметин жогорулатуунун аркасында кыйла экологиялык жана инклюзивдик экономикага
**УМТУЛУУ**

## PAGE Кыргыз Республикасында

**2016**

**Кыргыз Республикасы PAGE мүчөсү болгон**

- PAGE инклюзивдик жашыл экономика (ИЖЭ) максаттарын улуттук пландаштыруу процесстерине интеграциялоо боюнча өкмөттүн аракеттерине жардам көрсөтөт. Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлиги бул демилгенин бенефициары жана Кыргыз Республикасында программаны жүзөгө ашырууда негизги координациялоочу мамлекеттик орган болуп саналат

**2017**

**«Жашыл» экономика концепциясынын жалпы түшүнүгүн иштеп чыгуу үчүн баштапкы миссия өткөрүлгөн**

- «Жашыл» экономиканы талдоо жөнүндө отчет иштелип чыккан
- Монголиядагы окуу миссиясы кыргыз кесиптештерине «жашыл» экономиканы илгерилетүү боюнча жумушчу концепцияны берген
- «Теориядан практикага – бизнес үчүн мүмкүнчүлүктөр» темасындагы «Жашыл экономика» форуму өткөрүлгөн
- МГЭ улуттук эксперттик тобу түзүлгөн

**2018**

**Кыргызстандын парламенти «Кыргызстан – жашыл экономика өлкөсү» Кыргыз Республикасындагы жашыл экономика концепциясын» кабыл алган**

- «Жашыл» экономика үчүн окутууга муктаждыкты баалоо иштелип чыккан
- Жашыл жумуш орундарынын көндүмдөрүн баалоо аяктаган
- «Жашыл» өнөр жайды жана сооданы баалоо өткөрүлгөн (GITA)
- Кыргыз Республикасынын жана Монголиянын ортосунда «Түштүк-Түштүк» тажрыйба алмашуу өткөрүлгөн
- 2018-2040-жылдарга Өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жана коштоочу «Биримдик, ишеним жана жаратмандык» беш жылдык программасы кабыл алынган

**2019**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын тышкы саясат концепциясы жөнүндө» жарлыгына кол коюлган**

- Жашыл экономика жумалыгы «Күчтүү аймактар» ураанын астында өткөн
- Жашыл экономика улуттук программасы бекитилген
- КР Президенти Климаттын өзгөрүшү жөнүндө Париж макулдашуусун ратификациялоо жөнүндө мыйзамга кол койгон

**2020**

**«Жашыл» экономика жана климаттын өзгөрүшү боюнча координациялык комиссия түзүлгөн**

- «Жашыл» экономиканы моделдөө боюнча 25 онлайн окуу өткөрүлгөн
- «Кыргызстанда жашыл экономиканы өнүктүрүү үчүн инвестициялык мүмкүнчүлүктөр» отчету жарыяланган
- Жашыл экономиканы өнүктүрүү программасы кабыл алынган
- Бишкекте катуу калдыктар менен иштөө боюнча экоконкурс өткөрүлгөн

**2021**

**Өлкөдө жаңы 2022-2026-жылдарга өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү документи (Программа-2026) кабыл алынган, анда «Жашыл экономика» өнүктүрүү артыкчылыктарынын бири болуп саналат**

## PAGE жана COVID-19га жооп чаралары

2020-жылы COVID-19 пандемиясы жана саясый кризис Кыргыз Республикасынын экономикасына олуттуу таасирин тийгизди. PAGE мурдагыдай эле планетага оорчулукту азайтуу менен катар бардыгы үчүн өсүштү, жумуш орундарын жана гүлдөп-өнүгүүнү камсыздай турган «жашыл» экономиканын инклюзивдик пландарын илгерилетүүдө өлкөгө жардам көрсөтүүгө даяр.

## Негизги тематикалык жана сектордук багыттар

- Улуттук өнүгүүнү пландаштыруу
- Жашыл экономиканы моделдөө
- Жашыл экономика чөйрөсүндөгү жумуш орундары
- Туруктуу каржылоо
- Жашыл өнөр жай жана соода
- Калдыктарды башкаруу

## Дараметти жогорулатуу

- Бишкек эл аралык финансылык форуму
- «Жашыл» экономика кызыкчылыгында билим берүү боюнча семинар
- Жашыл экономиканы окутуу
- Таза аба жана жашыл шаарлар» семинары
- Журналисттерди жашыл экономикага окутуу
- Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди талдоого окутуу
- Эко-индустриялык парктын эл аралык негиздери боюнча семинар

## PAGE жана ТӨМ

PAGE бир нече Туруктуу Өнүгүү Максаттарына (ТӨМ) жетүүгө жана Кыргыз Республикасы 2019-жылы ратификациялаган Париж макулдашуусун жүзөгө ашырууга шарт түзөт

## Орто аралык жыйынтыктар

### Туруктуу айыл чарба (БУУӨП жетекчилиги астында)

PAGE, Экономика жана соода министрлиги жана Айыл чарба, суу ресурстары жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги менен өнөктөштүктө БУУӨПдун Туруктуу айыл чарба үчүн фискалдык саясат реформаларына изилдөө жүргүзүү үчүн биологиялык ар түрдүүлүктү каржылоо (БИОФИН) боюнча демилгеси менен кызматташтыкты уланткан. PAGE Кыргыз Республикасында «Жашылайыл чарба үчүн тоскоолдуктарды жоюуда зыяндуу айыл чарба субсидияларын реформалоо» финансылык чечимдерин жүзөгө ашыруу үчүн финансылык колдоо көрсөткөн.

### Туруктуу өнүгүүнү стратегиялык пландаштырууда жашыл экономиканы моделдөө (БУУӨП жетекчилиги астында)

PAGE министрликтердин жана ведомстволордун, Улуттук банктын, илимий мекемелердин жана эксперттик коомчулуктун өкүлдөрү үчүн «жашыл» экономика моделин түзүү боюнча 25 ырааттуу жарым күндүк онлайн-тренингдерди өткөрүүдө Экономика жана соода министрлигине колдоо көрсөткөн.
2020-жылдын апрелинен тартып жалпысынан 292 катышуучу ар кандай билим берүү иш-чараларына катышкан, алардын ичинен жети адам окутуунун толук циклинен өткөн, бул өлкөдө «жашыл» экономика моделин андан ары институтташтыруу үчүн алга карай маанилүү кадам болгон.

### Инклюзивдик жашыл экономика боюнча ЖТӨЖА курстары

2021-жылы PAGE «Жашыл» экономика жана туруктуу өнүгүү үчүн ЖОЖдор альянсы (ЖТӨЖА) менен кызматташтыкты уланткан, өлкөнүн алдыңкы 13 университети аталган альянстын мүчөлөрү болуп саналат. ЖТӨЖА мүчөлөрү «Жашыл экономика» жаңы академиялык курсу үчүн беш теманы тандаган жана иштеп чыккан, алар эми атайын окуу порталында жеткиликтүү: http://e-learn.avzur.kg/, анын ичинде улуттук контекстке ыңгайлаштырылган, ИЖЭ моделдөө боюнча PAGE курсу бар. Бардык академиялык курстар акырындык менен факультативдик катары 2021-2022-окуу жылы университеттердин магистрлик окуу программасына интеграцияланат.

**Жеткиликтүү курстар:**

- Борбор Азиядагы климаттын өзгөрүшүнүн экономикасы
- Жашыл туруктуу каржылоо
- Айыл чарба жана жашыл өсүш
- Жашыл экономика жана эл аралык соода
- Жашыл экономикага киришүү
- Жашыл экономиканы моделдөө



### **Жаштарды тартуу боюнча конкурстун жеңүүчү-долбоорлорун жүзөгө ашыруу** (ЮНИТАР жетекчилиги астында)

ЖТӨЖА менен кызматташтыктын алкагында 2021-жылы PAGE финансылык колдоосу менен 2020-жылдын аягында өткөрүлгөн #GREENEGY конкурсунун жети жеңүүчү-долбоору жүзөгө ашырылган. Конкурс Кыргыз Республикасында жаштар, ошондой эле кеңири коомчулук арасында “жашыл” экономика боюнча маалымдуулукту жогорулатууга жана популяризациялоого багытталган. Бардык долбоорлор студенттердин жана мектеп окуучуларынын командалары тарабынан түзүлгөн жана жүзөгө ашырылган. Жеңүүчү долбоорлор Кыргыз Республикасындагы биофермерлердин маалыматтар базасын түзүүдөн тартып велосипед тебүү убагында электр иштеп чыккан кийимди жана түзүлүштү кайра иштеп чыгууга чейин болгон.

### **Кыргыз Республикасынын жана Казакстандын ортосунда билим берүү реформасы боюнча өнөктөштүк окутуу**

Билим берүү тутумдарынын окшоштугун жана PAGE тарабынан Казакстанда жана Кыргыз Республикасында экологиялык билим берүү жана коомчулукка маалымдоо жаатында өткөрүлгөн иштерди эске алуу менен, 2021-жылдын апрелинде тажрыйба жана алдыңкы практика алмашуу үчүн онлайн-сессия уюштурулган.

### **Жашыл экономика форуму жана Green Expo 2021**

12.10.2021: Экономика жана соода министрлиги «Green Expo 2021» жашыл технологиялар жана чечимдер көргөзмөсүн жана «Жашыл экономика форуму: чакырыктардан бизнести туруктуу өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөргө карай» форумун өткөрдү. Эки иш-чара жеке секторго, мамлекеттик кызматчыларга жана эл аралык уюмдарга кантип чакырыктарды бизнести туруктуу өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөргө айландыруу керектигин талкуулоо үчүн платформаны берди. Катышуучулар Кыргызстандын рыногуна кандай жашыл технологиялар жана чечимдер жеткириле турганын, ошондой эле «жашыл» бизнес долбоорлорунун консалтинги жана финансылык колдоо үчүн өкмөт тарабынан жана өнүктүрүү программаларында сунушталган мүмкүнчүлүктөр жөнүндө билишти. Иш-чаралар PAGE, GIZ, ОБСЕ, JIA бизнес-ассоциациясынын жана Агрардык өнөр жай комплексин өнүктүрүү ассоциациясынын көмөктөшүүсүндө уюштурулган.

### **«Жашыл» саясаттын эмгек рыногуна таасири жөнүндө маалымдоо үчүн «жашыл» жумуш орундарын баалоо моделинин прототибин иштеп чыгуу** (ЭЭУ жетекчилиги астында)

PAGE «жашыл» саясаттын эмгек рыногуна таасири жөнүндө маалымдоо үчүн «жашыл» жумуш орундарын баалоо моделинин прототибин иштеп чыгууну жана дарамети жогорулатуу боюнча тренингдер аркылуу үй чарбаларынын кирешелерин бөлүштүрүүнү колдойт.

### **Ресурстарды үнөмдөөчү өнөр жай программаларын иштеп чыгуу** (ЮНИДО жетекчилиги астында)

Азыркы убакта металлдарды иштеп чыгууну жана цементти өндүрүүнү иликтөө боюнча изилдөө иши жүргүзүлүп жатат, анын натыйжасында сунуштар берилип, алар энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу программасынын негизин түзөт.

### **Шаарды өнүктүрүү жана жашыл экономика** (БУУӨП жетекчилиги астында)

PAGE жашыл экономикага басым жасоо менен Кыргыз Республикасында шаар куруу жөнүндө мыйзамдарды талдоо боюнча экспертиза жүргүздү жана климаттын өзгөрүшү контекстинде инклюзивдик жашыл экономика аспекттерин ченемдик-укуктук актыларга жана туруктуу өнүгүү боюнча документтерге интеграциялоо боюнча сунуштарды иштеп чыкты.

## **Калдыктарды башкаруу** (БУУӨП жетекчилиги астында)

PAGE көйгөйгө үч башка, бирок бири бирин толуктоочу көз караштан кароо менен, Кыргыз Республикасында калдыктарды башкарууну жакшыртууга колдоо көрсөтүп келет. Бул өзүнө “Жашыл” экономиканы өнүктүрүү программасынын калдыктар боюнча бөлүмүнүн сунуштарын жүзөгө ашырууга колдоо көрсөтүүнү, катуу калдыктар менен иштөө боюнча экоконкурсту өткөрүүнү жана саламаттык сактоо жаатындагы калдыктар менен иштөө тутумдарын кырдаалдык талдоону камтыйт.

## **Климаттын өзгөрүшү жаатындагы билим берүү боюнча комплекстүү чаралар планын ишке киргизүү** (ЮНИТАР жетекчилиги астында)

23.04.2021-жылы Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшү жаатындагы билим берүү боюнча комплекстүү чаралар планын расмий ишке киргизүүгө арналган, жогорку деңгээлдеги иш-чара өткөн, аталган планда өлкөдө климаттын өзгөрүшү жаатында билим берүү стратегиясынын негизги компоненттери берилген. План өкмөттүн кызыкдар тараптарына (анын ичинде Билим берүү жана илим министрлиги, Экономика жана соода министрлиги, Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги), илимий чөйрөгө, жеке секторго, жарандык коомго жана эл аралык уюмдарга берилген. План климаттын өзгөрүшү жаатындагы билим берүүнү интеграциялоо үчүн артыкчылыктуу үч чөйрөнүн айланасында түзүмдөлгөн: 1) чечим кабыл алуучу жактардын дараметин жогорулатуу, 2) климаттын өзгөрүшүн формалдуу жана бейформал билим берүүгө интеграциялоо, 3) коомчулукка маалымдоо жана маалыматка жетүү мүмкүндүгү. Бул артыкчылыктуу чөйрөлөрдүн ар бири боюнча кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү чаралар берилген. Кыскача видео бул жерде жеткиликтүү.

## **Бишкектеги жаштардын климаттык диалогу** (ЮНИТАР жетекчилиги астында)

24.04.2021-жылы Бишкекте ар кандай академиялык мекемелерди жана уюмдарды өкүлдөгөн жаштарды бириктирген, 200дөн ашык (100 онлайн жана 100 аралыктан) жаштардын катышуусу менен интерактивдик форматта Жаштардын климаттык диалогу өттү. Катышуучулар климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу өз түшүнүктөрүн жакшыртты, андан ары изилдөө мүмкүнчүлүктөрү жана улуттук жана глобалдык деңгээлде климаттык процесстерге катышуу жолдору жөнүндө айтып беришти. Диалог келечекте PAGE жыйынтыктарын жана жетишкендиктерин колдоо үчүн таянууга боло турган, өлкөдөгү жаштар арасындагы жандуу экологиялык маданиятты көрсөттү.

## **Максаттарга жетүү үчүн өнөктөштүк** (БУУӨП жетекчилиги астында)

PAGE туруктуу каржылоо принциптерин жүзөгө ашырууда финансылык сектордун муктаждыктарын аныктоо үчүн жана туруктуу каржылоого жана укук колдонуунун учурдагы деңгээлине тиешелүү болгон, учурдагы мыйзам алкактарын талдоо үчүн эксперттик билимди берет. Буга ылайык 2020-жылдын майында PAGE «Кыргызстанда «жашыл» экономиканы өнүктүрүү үчүн инвестициялык мүмкүнчүлүктөр» отчетун чыгарган, анда Кыргызстандагы «жашыл» инвестициялар үчүн мүмкүнчүлүктөр талдоого алынат жана тиешелүү сунуштар берилет.

## Туруктуу каржылоо (БУУӨП жетекчилиги астында)

Туруктуу каржылоо боюнча жол картасы (SFRM) Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлиги жана Банктар бирлиги менен тыгыз кызматташтыкта PAGE техникалык колдоосу астында иштелип чыккан. SFRM Өкмөт (Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлигинин жана Улуттук банкынын атынан) менен финансы секторунун (Кыргыз банктар бирлиги башындатурган) ортосундагы өнөктөштүктүн өнүмү болуп саналат. Анда Кыргызстандагы туруктуу каржылоонун учурдагы абалы каралат жана учурдагы практикаларга жана эрежелерге, инвестициялык мүмкүнчүлүктөргө, түрткү берүү механизмдерине, ошондой эле туруктуу каржылоону киргизүүгө жана туруктуу финансылык тутумдун өсүшүнө байланыштуу кыйынчылыктарга сереп жүргүзүлгөн. Ошондой эле SFRM Кыргызстанда туруктуу финансылык тутумду өнүктүрүү боюнча жана көмүртек саркындысы аз болгон, ресурсту үнөмдөгөн, туруктуу экономикага жетүү боюнча сезилерлик кадамдар үчүн Иш-аракеттер планын аныктайт.

## Кыргыз Республикасында PAGE күтүлгөн жыйынтыктары

01 Көп тараптуу кызматташтык аркылуу ТӨМгө багытталган улуттук экономиканы жана өнүгүүнү пландаштырууга ИЖЭ максаттарын жана милдеттерин бекемдөө жана интеграциялоо

02 ИЖЭ улуттук артыкчылыктарына ылайык, иш жүзүндөгү маалыматтарга негизделген сектордук жана тематикалык реформаларды жүзөгө ашыруу

03 ИЖЭ иш-аракеттери үчүн жеке, институттук жана пландаштыруу дараметин бекемдөө

## PAGE донорлору

European Commission

Federal Ministry for the Environment, Nature Conservation, and Nuclear Safety

Ministry for Foreign Affairs of Finland

Norwegian Ministry of Climate and Environment

Ministry of Environment Republic of Korea

Government Offices of Sweden
Ministry of the Environment and Energy

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation

Federal Department of Economic Affairs, Education and Research EAER
State Secretariat for Economic Affairs SECO

Сурап-билүү үчүн:
Кыргыз Республикасындагы БУУӨП
Чүй проспектиси №160,
720040 Бишкек

www.kg.undp.org
www.un-page.org